**НАРАЛИЕВА Б.К.**
**nbknu@mail.ru**

# "МАНАС" ЭПОСУНУН БҮГҮНКҮ КҮНДӨГҮ СОЦИАЛДЫК САЯСИЙ АБАЛДАГЫ РОЛУ

"Кыргыз элинин тарбия практикасын, психологиялык педагогикалык ойлорун, көп кылымдык тарыхын , маданиятынын өсүшүн түшүнүп, ой жүгүртүү үчүн элдик оозеки чыгармачылыкты баштан аяк ар тараптуу өздөштүрүү зарыл".[1] Манас эпосу – кыргыз элинин улуттук энциклопедиясы. Эпосто кыргыздын кылым карыткан тарыхы, маданияты, үрп адаты, каада салты, ыр күүлөрү, жорго сөз чеберчилиги, улуттук психологиялык көз карашы, педагогикалык тарбия берүүчүлүк мүмкүнчүлүгү, философиялык ойлору, аң сезими камтылган. Манас эпосун окуган ар бир окурман кыргыз элинин салттуу болгон кылык жоруктары аркылуу улуттук аң сезими менен, моралдык-этикалык нормалары менен, салттуу болгон тарбиясы менен, улуттун патриоттук духу менен, сыйчыл каада салты менен, эшиктен келген адамды үч күн түнөсө үч күнгө чейин атын да сурап койбогон меймандостугу менен тааныша алат. Манас эпосундагы калмактарга каршы күрөш аркылуу эл жерин коргоо үчүн башын сайган патриоттук духу, бийик тоонун бүркүтүндөй эркиндикти каалаган ички жан дүйнөсү, келишпестиктерди чечүүдөгү кыраакылыгы, кыргыз элинин көкүрөгүнө сыйган эркиндиги чагылдырылган.

Манас эпосунда кыргыз элинин үмүтү, эңсеген кыялы, көксөгөн мүдөөсү чагылдырылган. Манас эпосу – бул карт тарых. Тарыхы болбогон эл болбойт. Ар бир элдин керт башына тиешелүү жеке тарыхый тагдыры бар. Мейли ал эл чоң болсун мейли ал эл кичине болсун жараткан көркөм сөз өнөрү, исскуствосу, маданияты, бай мурасы тарыхта калтырган изи бар. Тарых бул кылымдар бою ата бабаларыбыздын башынан кечирген турмуштук чоң опыт тажрыйбасы. Ата бабалардын мундан муунга өткөргөн, кылымдарды карыткан башынан кечирген бай тажрыйбасы калтырган изи бул улуттук психологиянын өзөгү. Көп кылымдар бою кыргыз элинин башынан кечирген бүтүндөй турмушу. Манас эпосу – бул руханий байлык. Баа жеткис асыл ойлор, көркөм энциклопедия. Мындай баа жеткис асыл ойлор башка улуттарга караганда да кыргыз элине ченемсиз берилгени менен өзгөчөлөнөт. Башында "Манас" эпосу баштаган эпосторубуздан тарта аягы барып макал – лакап, кара сөздөргө чейинки элдик оозеки чыгармачылыктын үлгүлөрүндө эмне деген гана асыл ойлор камтылбаган. Бул чыгармалар менен таанышкан ар бир адамдын руханий дүйнөсү байып, тазаланып, чоң –чоң ийгиликтерге шыктандырган зор мүмкүнчүлүккө ээ болгон, эрдиктерди жараткан, муун тарбиялаган. Манас эпосу – архаикалык ойлоонун туундулары, дүйнө таануучу психологиялык идея, , бул философиялык аң сезим, терең ой туюм, педагогикалык таалим тарбия берүүчүлүк, ата бабаларыбыздын кыргыз элинин бүтүндөй энциклопедиясы.

"Манас" эпосу тарыхый зор мааниге ээ болуу менен бирге кыргыз элинин маданиятын этностук озгочолукторун таанууга, андоого багытталган корком мурас. Эпос боюнча психологиялык изилдоого баагыт алуу адам баласынын озун озу андоосуна, оз мумкунчулукторун ачууга, озун кайрадан жаратууга жаныдан мумкунчулук ачат."Бугунку илим ачкан журум турумдагы мыйзам ченемдуулуктор бул тарыхый эпосто эбак эле чагылдырылганы эми гана белгилуу болуп олтурат"[2] Кыргыз элинин улуту, маданияты, этикасы мамлекети, руханий байлыгы жонундогу терен ойлорду, эркиндик, суйуу, бийлик,

---

[1] Ормонов Т.О. Педагогическая пансофия кыргызского народа // Советская педагогика. – 1978. - №1.- С28.
[2] Шакеева Ч.А Манас эпосу жана дуйно элдеринин этникалык мурасы.

зордук зомбулук, олум, омур тууралуу тушунукторун туп тамырынан байкап изилдоо салууга, социалдык психологиялык аспектиде тушунууго мумкунчулук жараткан уникалдуу корком чыгарма.

Азыркы учурда кыргыздардын турмушунда конфликт ото актуалду маселе болуп турат. Канчалык денгеелде актуалдуу ал биздин башыбыздан кечирген конфликттик окуялар, кагылышуулардын жыштыгы менен коштолот. Биз кыргыздар конфликтти кандай кабыл алабыз жана ата бабаларыбыз ан сезиминде конфликтти кандай тушунушкон? Кыргыздар конфликттен чыгуунун ынгайлуу жолдорун тандай алабызбы? ата бабаларыбыз конфликтен чыгуунун кандай ыкмаларын билишкен жана кандай ыкманы туура деп колдонуп келишкен? Кыргыздардын турмушунда конфликттин кайсыл турлору кезиккен жана конфликттин кыргыздардын гана турмушуна тиешелуу озгочо спецификалык мунозу болгонбу? Мына ушундай суроолордун устунон ой жугуртуп, конфликттин психологиясын озгочо даана тушунуу максатында “Манас” эпосун изилдоого алууну туура таптык.

Адамзат белгилүү мезгилдерге чейин конфликт жөнүндөгү атайын адистештирилген билимсиз эле жашап келген. Биринчи жолу илимий изилдөөнүн, таануунун предмети болуп мамлекеттик бийлик жана коом ортосундагы конфликт болуп, көбүрөөк өтпөй эле социалдык этникалык топтук жана инсан аралык конфликтке кызыгуу пайда боло башталды.

Конфликтти таануу –конфликттин пайда болуу, өнүгүү механизми жана закон ченемдүүлүгү жана аларды жөнгө салуу технологиясы, принциптери жөнүндөгү илимдердин системасы.

Конфликт - бул жеке адамдын же кандайдыр бир топтордун ортосундагы мамиленин начарлашынан жана ошондой эле анын натыйжасында өз ара тең салмактуу мамиленин бузулушунан келип чыккан кыйын кырдаал[3].

Конфликт обьективдуу кырдаалдын келип чыгышынан эмес адамдардын субьективдүү кабыл алуусунан, баа берүүсүнөн келип чыгат. Конфликтте конфликтке катышуучулардын бирөөсү экинчисине ачууланып туталанып, өч алгысы келип, анын аракетин сындап, натыйжада жасалган жумуштун өндүрүмдүүлүгү жоголуп, моралдык тең салмактуулук бузулат.

Конфликт конфликтке катышуучулары менен кабыл алынышы керек. Көп окуялар конфликт деп бааланганы менен андай болбошу да мүмкүн, конфликт түрүндө кабыл алынышы мүмкүн. Конфликттин пайда болушу үчүн мотивдердин, кызыгуулардын, баалулуктардын позициялардын, мунөздордун, идеялардын, максаттардын эң эле жок дегенде эки тараптын карама- каршылыгы керек. Ички конфликт бул өзгөчөлүккө туура келбей калышы мумкун, бирок ички конфликтте да чындык менен каалоонун ортосундагы дал келбөөчүлүк карама- каршылыгы бар.

Конфликт татаал параметрлер менен мүнөздөлөт. Анын ичинен эң негизгилери болуп анын мааниси, структурасы, себеби, динамикасы эсептелет.

Конфликт карама – каршы негизделген мотивдердин (керектик,кызыкчылык, максат, идеал ) же ой жүгүртүүнүн (ой, көз караш, баа беруу ж.б.) негизинде социалдык карым катнаштын субьектилеринин ортосундагы мамиленин каршы күрөшүүсү.

Коомдогу конфликт бул комплекстүү жана нормалдуу кубулуш. Конфликттик кырдаалда жана иш аракетте социалдык-психологиялык, социалдык, саясий, экономикалык, нарктык жана ошондой эле жеке индивидуалдык, коомдук элементтер чырмалышып кетет. Ошондуктан аны изилдөө методу да көп кырдуу жана бирдиктүү ыкманы талап кылат.

[3]Краткий психол.сл/ Под ред. А.В. Петровского, Н.Г.Ярошевского – М.,1986.

Конфликттин психологиясы “Манас” эпосунда даана чагылдырылган.Эн биринчиден конфликт кыргыздардын турмушунда нормалдуу кубулуш болгон. Кыргыз эли жоого торолуп, жоокер калк болгон:

Айза имерип топ бузуп,
Ажал жетсе окко учуп
Мандайлашып олушуп,
Бар жалгыздын жазганын,

Тобого келсе корушуп,- келген эл. “Эл четине жоо келсе жан аяган жигитпи”- деп кылчайбай жоого аттанган эл, жатып олгончо атып олгон эл. Кыргыздардын турмушундагы конфликттин мындай нормалдуу кубулуштугу психология илиминде белгилуу болгон конфликттин бардык типтери менен турлорунун болушун шарттайт жана биз толугу менен “Манас”эпосунан кезиктире алабыз.

Ички конфликт: Бай Жакыптын жан дуйносундогу карама каршы кучтордун кагылыштарын, каалоо менен реалдуулуктун дал келбешинин кагылыштарын кенири кезиктиребиз.Чыйырдынын ички конфликти

Инсандар ортосундагы конфликт:Манас менен хан Жакып,Манас менен Конурбай, Манас менен Кочку, Манас менен Нескара, Кошой менен Жолой,ж.б

Топтордун ортосундагы конфликт:Кытайлар менен кыргыздардын ортосундагы конфликт: Эсенкандын жоокерлери менен кыргыздардын ортосундагы конфликт(Манасты кармап келууго Жолой менен Донгону баш кылып аткарганы), (Алоокенин Каракан олгондон кийин кыргыздарды кырганы)ж.б

Мынчалык татаал тынымсыз конфликтерди башынан кечирген кыргыз эли кыйын кырдаалдардан кантип жол таап келген? Ар бир конфликтке кабылган адам -Мага ушул чыр керекпи, бул конфликттен мен эмнени утам, мен учун бул конфликт канчалык мааниге ээ? Ириде ар бир конфликттке катышуучу ушул суроолорго жооп беруусу тийиш. Кандай конфликт болбосун, конфликттен чыгуунун кайсыл ыкмасын колдонбосун ал конфликттин баштапкы этабында чечип салууга аракет жасоосу керек. Психология илиминде конфликтен чыгуунун салттуу беш ыкмасы сунушталынат. Конфликтен чыгууда кандай конфликт экенине карабастан сунушталган ынгайлуу жолдордун баарын колдонуп чечип аны осууго алып барбоо зарыл. Манас эпосунда бир тарап экинчи тарапты толугу менен женип(тоталдык курош) ал жениш экинчи бир жаны согушту пайда кылган учурлары кезигет.Манас эпосунда конфликттерден чыгуунун компромисттик жолу, интеграциялык жолу да кездешет.

Кыргыз эли акылман, айкол, сабырдуу эл болгон. Эч убакта кырдаалды конфликттик ситуацияга которуп олтурбай ал конфликттик кырдаалдарды алгачкы учурунда акылдуулук, сабырдуулук менен “ийри олтуруп туз чечишип ” келген эл болгон. Кенешип кесип келген эл болгон.”Кенешип кескен бармак оорубайт” Кечиримдуу,сабырдуу эл болгон”Он колундун ачуусун сол колун менен бас”,”Атасын олтургонго эненди алып бер” Карынын созун капка салып келген эл болгон”Карынын созун капка сал”улууга урмат кичууго ызаат корсотуп келген эл болгон.

Кыргыздарда айтылган соз атылган ок менен барабар болгон. (Соз куш эмес,ооздон чыкса карматпайт).Создун кучуно, улуулугуна, уулуулугуна, таттуулугуна баа берген эл болгон. Кепке маани берип келген эл болгон. Создун таамай айтып, кара кылды как жарып калыстык менен маселе чечип келген, созго сынган, созду барктаган эл болгон. Бекеринен башталуунун башаты соз болгон деп айтылбайт(В начале было слова). Создун мындай касиетин байкаган элибиз: Баш кесмек бар тил кесмек жок-деп тилге, соз айтууга кенири мумкунчулук берген.Соз кыргыздарды доодон да, жоожон да куткарып келген.